Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин "Табигый жана так илимдер "усулдук бирикмесинин жыйынынын

№3 токтому

09.01.2023 Катышканы-7

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 2-чейрек ичинде аткарылган иштердин жыйынтыгы
2. Мектеп ичинде өткөрүлгөн олимпиадага анализ берүү

Биринчи маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Токурова Н сөз сүйлөдү

Угулду: Саламатсыздарбы ,урматтуу мугалимдер 2-чейрек ичинде биздин бирикменин мугалимдери төмөнкүдөй иш –чараларды өткөздүк:

2022-жылдын ноябрь айында PISA-2025 эл аралык изилдөөгө даярдоо боюнча " PISA-2025 эл аралык изилдөөсүнө даярданабыз"деген темада семинар өтүлдү.

Семинарда биология мугалими Токурова Н табият таануу сабаттуулугу,

математика мугалими Боркобаева Г математика сабаттуулугу боюнча кеңири маалымат беришти.Мугалимдер топтордо тапшырмаларды аткарышып, сабактарда кантип пайдалануу боюнча маалыматка ээ болушту.2022-жылдын 17-ноябрында 6-7класс окуучуларынан PISA тапшырмалары боюнча тесттик иштер алынды.Тест иштери текшерилип,жыйынтыгы чыгарылып окуу бөлүмүнүн башчысына тапшырылды.Биздин аткарган иш-чараларыбыз боюнча кимде кандай сунуш бар?

Жарыш сөзгө химия мугалими Бакулова Зиеда чыкты.

Угулду: 2-чейрек ичинде бардык мугалимдер жоопкерчилик менен иш алып барышты деп ойлойм,пиза боюнча тест иштерин сабактарда көбүрөөк колдонсок жакшы жыйынтык келип чыгат.

Жогоруда айтылган ой-пикир сунуштарды угуп,талкуулоо менен жыйын катышуучулары төмөнкүдөй чечим кабыл алышат.

Чечим

1.Усулдук бирикменин 2-чейрек ичинде аткарган иштерин канааттандырарлык деп табылсын.

Экинчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Мурзакулова сөз сүйлөдү

Угулду: Баарыңыздар билгендей 2022-жылдын 25-ноябрында математика,информатика физика,химия,биология предметинен жана 2022-жылдын 29-ноябрында география сабагынан мектеп ичинде олимпиада өткөрүлдү.Олимпиадага шыктуу балдар катышып өз билимдерин сындап көрүштү.Жыйынтыгында жеңүүчү болгон окуучулар шаардык олимпиадага катышышат жакшы даярдык көрүү зарыл.

Кийинки жарыш сөзгө математика мугалими Боркобаева Гүлхан чыгып ,ал да өз сөзүндө шаардык олимпидага катышуучу окуучуларды каникул убагында да чакырып,онлайн түрүндө да даярдап ийгиликтерге жетишүү сунуштарын айтып өттү.

Жогорудагы сунуштарды угуп,талкуулоо менен жыйын катышуучулары төмөнкүдөй чечим кабыл алышат.

Чечим

1. Ар бир предметтик мугалим тарабынан шаардык олимпиадага катышуучу окуучулар менен тыгыз иш алып барылсын

Даярдыкты көзөмөлдөө усулдук бирикме жетекчисине жүктөлсүн

Бирикме жетекчиси: Токурова Наринса

Кызыл- Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим беруу мектебинин «Табигый жана так илимдер» усулдук бирикмесинин чогулушунун

№2 токтому .

31.10.2022 Катышканы-7

Кун тартибинде каралуучу маселе;

1. 1-чейрек ичинде аткарылган иш чаралардын жыйынтыгы.
2. 2-чейрек ичинде өткөрүлүүчү иш чаралар,мектеп олимпиадасын өткөрүү

1-маселе боюнча бирикме жетекчиси сөз суйлөдү

Угулду;

Саламатсыздарбы урматтуу мугалимдер биздин

«Табийгый жана так илимдер» усулдук бирикмесинде 2022-2023- окуу жылына карата тузулгөн иш планынын негизинде 1-чейрек ичинде төмөнкудөй иш чаралар аткарылды.

Август ,сентябрь айында «Табигый илимдер» усулдук бирикмесинин курамындагы предметтик мугалимдер такталып уюштуруу иштери жүргүзүлдү.

Төмөнкүдөй уюштуруу иштери жүргүзүлдү:

1 Өткөн окуу жылында аткарылган иштерге анализ берүү

2 Мугалимдердин саат жүктөмүнүн бөлнүшү

3 УБ нин 2022-2023-окуу жылына карата иш планы жана жылдык иш планын иштеп чыгуу, түзүлгөн окуу планын талдоо жана бекитүү

4 Предметтик стандарттарга ылайык календардык тематикалык пландар түзүү

5 Мугалимдерди методикалык колдоодо маалымат менен камсыздоо

Ар бир предметтик мугалим шаардык усулдук бирикме жетекчилери менен байланышып календардык пландарды тузушуп, мектеп жетекчилиги тарабынан бекитилди.

Мугалимдердин саат жүктөмү төмөнкүдөй:

| | |
|---|---|
| 1 Боркобаева Гулхан | математика 26саат |
| 2 Орозбек кызы Нурийла | математика 26саат |

3 Мурзакулова Айзирек физика 9 саат

4 Жыргалбек кызы Нуриза информатика 17саат

5 Туманов Куштар география 8саат

6 Токурова Наринса биология 26

7 Бакулова Зиедахан химия 6

Октябрь айында жөндөмдүү жана сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө иши жургүзүлө башталды .Ар бир предметтик мугалимдер төмөнкүдөй иш алып барууда:

1 Ар бир предметтик мугалим шыктуу жана өздөштүрүүсу начар окуучуларды тактап, тизмелешти
2 Атайын иш планын мугалимдер иштеп чыгып , мектеп администрация тарабынан бекитилди
3 Шыктуу жана өздөштүрүүсү начар окуучулар менен сабакты өздөштүрүү денгээлине карай иш алып барылууда
4 Окуучулардын жетишүүсүнүн жыйынтыгы мониторинге түшүрүлүп жатат.

Октябрь айында тажрыйба алмашуу максатында математика мугалими Боркобаева Гулхан эжеке 5-класс окуучуларына “Убакытты жумуштун көлөму аркылуу табуу” деген темада ачык сабак өттү.Сабактын темасы, өтүлүүчү убактысы календардык планга дал келет.Сабак көрсөтмөлүү,интерактивдүү методторду колдонуу менен өтүлдү.Мугалимдин сабагына анализ берилди

1-чейрек ичинде аткарылган иш –чаралар боюнча кимде кандай пикир, сунуштар бар?

Жарыш сөзгө география мугалими Туманов Куштар чыкты;

Угулду: Чейрек ичинде планда көрсөтүлгөн иш-чараларды толугу менен аткарууга бардык мугалимдер аракет жасадык.Бирикменин ишин канаттандыраарлык деп эсептейм.Бардык катышуучулар жогоруда айтылган ой пикирлерди угуп ,талкуулап томонкудой чечим кабыл алышты.

Чечим

Усулдук бирикменин биринчи чейрек ичинде аткарган иш чараларын канаттандыраалык деп эсептелсин.

2-маселе боюнча бирикме жетекчиси Токурова Н токтолуп кетти

Угулду ; 2-чейрек ичинде аткарылуучу иш –чаралардын планы төмөнкүдөй

1.Окуучулардан «PIZA” программасы боюнча предметтик тесттерди алуу

2.Мектеп ичинде предметтик олимпиада өткөрүү

3. Ноябрь айында география мугалими Туманов К ачык сабак өтүү

4.Декабрь айында химия сабагынан Бакулова З ачык сабак өтүү

5. Шаардык олимпиадага окуучуларды даярдоо.

өтүлүүчү иш чаралар боюнча кимде кандай сунуш бар?

Жарыш сөзгө окуу бөлүмүнүн башчысы , физика мугалими Мурзакулова чыкты. Ал окуучуларды олимпиадага өзгөчө даярдык менен даярдоо жана олимпиаданы өткөрүү боюнча сунуштарын билдирип кетти. Жогоруда айтылган ой пикир,сунуштарды угуп талкулоо менен бирикме мүчөлөрү төмөнкүдөй чечим кабыл алышат.

Чечим

1. 2-чейрек ичинде аткарылуучу иш чаралар өз убагында предметтик мугалимдер тарабынан аткарылсын.
   Аларды көзөмөлдөө бирикме жетекчисине жүктөлсүн.

Бирикме жетекчиси: Токурова Наринса

Кызыл-Кыя шаарындагы №13 И.Абдрахманов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин " Табигый жана так илимдер" усулдук бирикмесинин чогулушунун

№1 токтому

29.08.2022 Катышканы-7

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Өткөн окуу жылында аткарылган иштерге анализ берүү.

2.УБ нин 2022-2023-окуу жылына карата жылдык иш планын талкуулоо

1-маселе боюнча усулдук бирикме жетекчиси Токурова Наринса төмөнкүлөргө токтолуп кетти

Угулду:

Урматтуу мугалимдер, былтыркы окуу жылында атайын түзүлгөн планынын негизинде иш алып барылды.Предметтик мугалимдер тарабынан иш чаралар аткарылды . Бирикменин өткөнкү окуу жылында аткарылган иштери боюнча кимде кандай сунуш ой пикирлер бар?

Жарыш сөзгө география мугалими Туманов К. чыкты.

Угулду:

Өткөнкү окуу жылына карата календардык пландар шаардык усулдук бирикмеси менен биргеликте түзүлдү . Бирикменин планында көрсөтүлгөн иш чараларды талапка жооп берээрлик түрдө аткарылды .Өткөн окуу жылында аткарылган иш чаралардык канаттандыраарлык деп ойлойм.

Усулдук бирикменин мүчөсүндөгү мугалимдер баары жогорудагы сунуштарды угуп талкуулап төмөнкүдөй чечим кабыл алышат

Чечим

Усулдук бирикменин 2021-2022- окуу жылында аткарылган иштери канаттандыраарлык деп кабыл алынсын.

2-маселе боюнча усулдук бирикме жетекчиси Токурова Н токтолуп кетти.

Угулду: Быйылкы окуу жылына карата бирикменин жылдык планы менен таанышып , карап чыгып өз ой пикирлериниздерди ,сунуштарынарды айткыла ошондой эле быйылкы окуу жылында "PIZA"программасы бонча иш алып барууну күчөтөлү

Кийинки жарыш сөзгө математика мугалими Орозбек кызы Нурийла чыкты.

Угулду: Ар бир мугалим пиза тапшырмаларын   жаны методторду колдонуу менен сабак өтсө ,бири-бирибиз менен тажрыйба алмашып турабыз. Алган тажрыйбабызды сабактарда колдонуп, балдарга ар бир сабакты кызыктуу өткөнгө жардам болот.Айрыкча бизге жаш мугалимдерге.

Кийинки жарыш сөзгө окуу бөлүмүнүн башчысы, физика мугалими Мурзакулова чыгып төмөнкүлөргө токтолуп кетти:

Бирикменин жумалыктарында иш чараларды күчөтүп,  дубал газета чагарсак, бирикмеде болуп жаткан жаңылыктарды , өткөрүлуп жаткан иш чаралардын  маалыматы менен окуучулар таанышып ,окуучулардын арасында сабакка болгон кызыгуу күчөйт .

Бирикме  мугалимдери  жогоруда айтылган  сунуштарды  угуп  талкуулап төмөнкүдөй чечим  кабыл  алынды.

Чечим

1.Ар бир предметтик  мугалим  интерактивдүү методторду,пиза тапшырмаларын колдонуу  менен   бирден ачык   сабактарын  даярдасын жана жумалыктар өтүлсүн .

2.Окуучуларды  "PIZA" программасынын тапшырмаларына даярдоо күчөтүлсүн

Аткарылуучу иштерди көзөмөлдөө бирикме жетекчисине жүктөлсүн.

Бирикменин жетекчиси: Токурова Наринса.